**Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын издеиүүгө сунушталган “Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациясылык ишине расмий оппонент, юридика илимдеринин доктору, доцент Токтогулов Алмаз Асылбековичтин**

# ПИКИРИ

**1.Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Шайлоо системасынын конституциялык негиздери жарандын мамлекеттик башкарууга катышуусунун деңгээлин жана мамлекеттин демократиялык нуктагы өнүгүүсүнүн негизги көрсоткүчү катары саналып изилдөөгө кызыгуу жаратып келет. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алган күнүнөн баштап мамлекеттик төңкөрүштөр шайлоо процесси учурунда орун алган адилетсиздиктер жана көп сандаган мыйзам бузуулардан улам кайталанып тургандыгы диссертациялык теманын актуалдуулук берет. Демократиялык мамлекетти куруу үчүн, жарандардын конституциялык укуктарын, анын ичиндеги шайлоо жана шайланууга болгон укуктарын камсыз кылып берүү өтө маанилүү. Конституциянын негиздерин туу туткан, демократиялык нукта онүгүү жолуна түшкон мамлекетти курууну шайлоо институту жок ишке ашыруу мүмкүн эмес, ошондуктан мамлекет шайлоо системасындагы жүргүзүлүп келген реформасын токтотбой улантуусу керек.

Шайлоо системасы мамлекеттин демократиялык нуктагы өнүгүүсүно жол ачат, жарандын мамлекеттик башкаруу системасынын үстүндө туруусун ишке ашырат, Кыргыз Республикасынын Конституциясында “Кыргызстандын эли - эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин жалгыз бир булагы” деп жарыяланганы бекеринен эмес, ошондой эле дал ушул Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекет катары кабыл алган биринчи Конституциясында саясий система менен чогуу шайлоочулардын укуктары жана орду бекитилген. Албетте, илимий иште каралган тема боюнча изилдөө иштери жүргүзүлүп, учурдун талабына ылайык илимий көз караштагы сунуштарды талкулоо реформаны жакшыртуу боюнча тиешелүү органдарга жардам бере алат деп ишенсе болот. Себеби изденүүчү Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алган мезгилден баштап 2024-жылы 30-июнда Кыргыз Республикасынын Жогорку

КНУ им. ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 27/3
« 26 » 11 2024 г.

Кеңешинин депуттарын кайра шайлоолоруна чейин талдоолорду жүргүзүп, анын негизинде көйгөйлөрдү эки этапка бөлүп карап чыгып жана тиешелүү мыйзамдардын беренелерине өзгөртүү менен толуктоолорду киргизүү боюнча орундуу сунуштарды берген.

**2. Диссертацияларга карата коюлган талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар.**

**1-натыйжа.** Изденүүчү, илимий иште коюлган максатка жетүү үчүн шайлоо системасынын түшүнүгүн талдап, окуу китептерге, илимий макалаларга, иштерге, мыйзамдарга, токтомдорго, эксперттик жыйынтыктарга кеңири серен салган.

**2-натайжа**. Изденүүчү, белгиленген теманын алкагында тарыхка кылдат талдоо жүргүзүп, шайлоо системасынын тарыхый өнүгүүсүн 4-этапка бөлүп талдап, ар бир этаптарды аныктап ачып бере алган.

**3-натыйжа.** Изденүүчү, шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин талдоо боюнча колдонулган адабияттарга, теориялык концепцияларга жана методологиялык мамилелерге кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Изденүүчү, шайлоо системасынын бирдиктүү түзүмү - БШК, АШК, УШКдын иштөө принциптерин, негизги мүнөздөмөлөрүн ченемдик-укуктук актыларга таянып аныктап ачып берип Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3-беренесине “натыйжалуулук” принциби менен толуктоону сунуштаган. Ошондой эле 23-беренесине, 14 пункт менен шайлоочулардын *шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50%-70%-90%-жогору болгон учурда тиешелүү шайлоо участкасынын мүчөлөрүн сыйлоо каралуусу* боюнча толуктоо сунуштаган.

**5-натыйжа.** Изденүүчү, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна *“Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатуусу 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө (10 000ден 50 000 сомго чейин) чейин айып салууга жазаланат”* деп киргизүүсүн сунуштаган.

**6-натыйжа.** Изденүүчү, КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушун иштеп чыккан: *“Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир*

*мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 %дан кем эмес добушун алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат.*”

**7-натыйжа.** Изденүүчү, КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-пунктуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизүү сунуштаган: *“Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3-жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат”.*

**8-натыйжа**. Изденүүчү, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-пунктуна төмөндөгүдөй норма менен толуктоо киргизүү сунуштады:*“Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдеттүү”.* Бекитилген ченемди бекемдөө үчүн Конституциянын 37-беренесинин 1-пунктуна толуктоо төмөндөгүдөй тартипте киргизилүүсү сунушталды *“Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле референдумга, Президенттик шайлоого, КРнын ЖК менен жергиликтүү кеңештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү”.*

**3. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун ишенимдүүлүгүнүн жана негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

**1-натыйжа.** Илимий көз караште талданып, анын жаңылыгы аныкталып, жетиштүү негизделген.

**2-натыйжа.** Изденүүчү илимий изилдөө ишинде тарыхый учурларга басым жасап, шайлоо системасынын тарыхый калыптануусун жана өнүгүүсүн негизги 4 этапка бөлүп аныктап, жетиштүү негиздеп берген.

**3-натыйжа.** КРнын шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздери илимий окуу китептерине, методологиясына таянып, ыкмаларды колдонуп жетиштүү негизделген.

**4-натыйжа.** КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамдын 3- менен 23-беренесине өзгөртүү киргизүү сунушу аныкталып жетиштүү негизделген.

**5-натыйжа.** КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесине добушун саткан шайлоочуну жоопкерчиликке тартуу боюнча толуктоо киргизүү сунушун аныктап, жетиштүү негизделген.

**6-натыйжа.** КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна бир мандаттуу округдардагы депутаттын мандаты бош калган учурда кайра шайлоолорду уюштуруу боюнча өзгөртүү киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**7-натыйжа.** КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституцңиялык Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктуна толуктоо киргизүү талапкерлердин иргелип тандалышы боюнча сунуш жетиштүү негизделген.

**8-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесине жана 37-беренесине "милдетүү" деп толуктоо киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-натыйжа.** Илимий иште Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын эгемендүү күнүнөн берки шайлоо процесстери, 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Референдумдун негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо системасы өзгөрүүлөргө учурагандыгы жана шайлоо системасынын учурдагы жацы өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүп жана 2024-жылдын 30-июнуна чейин уюштурулган кайра шайлоолор аныкталгандыгы жаңы.

**2-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө автор эгемендүү Кыргыз Республикасында шайлоо системасынын калыптануу менен өнүгүү жолун 4 этапка бөлүп кароо аркылуу изденүүчү шайлоо системанын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, ошондой эле аны өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолдорун аныктап берүүгө аракет көрүлгөнү жаңы.

**3-натыйжа.** Шайлоо системасынын теориялык жана методологиялык негиздерин колдонулган методологиялык ыкмалар ар тармактуу илимдики бирдиктүү колдонууга алып жана эки кадамга бөлүп аныкталгандыгы жаңы.

**4-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамына "натыйжалуулук" принцибин кошуу сунушталгандыгында жана ушул эле мыйзамга УШКда шайлоочулардын шайлоого катышуусунун белгиленген пайыздык көрсөткүчтөрүнө жеткенде тиешелүү участканын мүчөлөрүн сыйлоо боюнча толуктоо киргизүү сунуштары жаңы деп аныкталды.

**5-натыйжа.** Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинде добушун саткан шайлоочуну жоопкерчиликке тартылуусу каралгандыгында.

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7-пунктуна кайра шайлоолорду уюштурууну кыскартуу боюнча берилген сунуш.

**7-натыйжа.** Илимий жаңылыгы "КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 2-пунктуна талапкерлерди тандоо боюнча кошумча киргизилген талаптардын өзгөчөлүгүндө.

**8-натыйжа**. Илимий жаңылыгы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү беренелерине жарандардын шайлоо укугуна кошумча "милдетин" киргизүү сунушунда.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдиги жана тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана практикалык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Диссертациялык иш илимий жана практикалык жактан негиздүү аныкталган жана талданган жыйынтыктар, каралган көйгөйлөр, берилген сунуштарды колдонууга алууга болот. Изденүүчү шайлоонун жалпы теориясын, ошондой эле Конституциялык, Кылмыш-жаза, укук бузуулар кодексин, Борбордук шайлоо комиссияларга тиешелүү жана башка шайлоо процессинин мыйзамдарын, ошондой эле башка тармактар боюнча адабияттарга кылдат талдоо жүргүзгөн. Изденүүчү илимий ишине коюлган милдеттеринин алкагында Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин жана анын тарыхый өнүгүшүн терең түшүнүүгө жетишүү үчүн изилдөөнүн теориялык да, эмпирикалык да методдорун колдонгон. Теориялык методдор бөлүгүндө изденүүчү учурдагы ченемдик-укуктук актыларга жана тиешелүү илимий адабияттарга талдоо жүргүзүп, шайлоо системасынын негизин түзгөн принциптерди жана жоболорду аныктоого мүмкүндүк ала алган. Ошондой эле шайлоо системасынын тарыхый учурларындагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого мүмкүндүк алуу үчүн салыштырма талдоо ыкмасын колдонгон. Ал эми эмпирикалык методду колдонуу аркылуу изденүүчү шайлоо системасынын реалдуу иштешин баалоо жана анын көйгөйлөрүн аныктоо үчүн сурамжылоо жүргүзүү жана жүргүзүлгөн сурамжылоолордун эксперттик баалоолорун талдап, аныктап берген. Изденүүчү изилдөөнүн методдорун колдонуу аркылуу Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук

негиздерин ар тараптан изилдеп, коюлган максаттарына жана милдеттерине жетишүүгө мүмкүндүк алып ишке ашырган. Изилдөөнүн максаттары менен милдеттери тыгыз байланышта болуп, так структурасы каралган, теориялык пункттарга негизделген маанилүү практикалык көрсөтмөлөр менен аяктаган илимий изилдөө.

**6. Диссертацияда баяндалган жыйынтыктарды алууга изденүүчүнүн конкреттүү жеке катышуусу.**

Изденүүчү берген сунуштар негиздүү деп таанылды, себеби ар-бир тыянактары аргументтештирилип берилген. Ошондой эле илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда изденүүчүнүн 2015-жылдан 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиянын Шайлоо технологиялар борборунун жетекчиси катары эмгектенип келгендиги шайлоо системасындагы 2015-жылда киргизилген реформага түздөн түз катышып, реформанын жетишкендиктери менен көйгөйлөрүн ичинен билгендиги илимий иштин тактыгына салып кошуп берди. Ал эми изденүүчүнүн 2008-жылдан бүгүнкү күнгө чейин И.Арабаев атынагы КМУда профессордук-окутуучулук курамдын катарында эмгектенип келгендигине байланыштуу диссертациялык теманын алкагында бир окуу- методологиялык колдонмосу, 11 илимий макаласы басылып чыккан. Ошондой эле илимий темасына байланыштуу кошумча сабактарды өтүп, шайлоо системасынын алкагында илимий жаатында да тажрыйбасын ардайым жогорулатып келген.

Наргиза Абдылдаеванын диссертациясынын коргоого алып чыгуучу тыянактары менен жоболорун иштеп чыгууда колдонулган материалдары ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөндү. Иште жүргүзүлгөн талдоолордун баары БШКнын расмий баракчасынан алынып жүргүзүлгөндүгү талдоодо берилген сандардын тактыгын кепилдейт.

**7. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын жана корутундусун жарыялоо жана ырастоо.**

Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхы этаптарга бөлүнүп талданган, жүргүзүлгөн реформалар каралып, анын негизинде көйгөйлөр аныкталган жана талданган. Диссертацияда берилген негизги тыянактар, сунуштар шайлоо процессин эффективдүү укуктук жөнгө салууну издөөгө жана бүтүндөй шайлоо системасын жакшыртууга багытталган. Диссертацияда берилген сунуштар, жыйынтыктар, талдоо иштери изденүүчүнүн жарыяланган макалаларында чагылдырылган, алар төмөндөгү жарчылар болгон: 2 макала КРСУ, 2 макала Ала-Тоо, 2 макала Илимдер академиясы, 1 макала И.Арабаев ат.КМУ, 4 макала ЕНО (Москва) жана 1 окуу-методикалык колдонмо.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет. Автореферaттын резюмеси бири-бирине дал келип кыргыз, орус жана англис тилдеринде бар.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча эскертүүлөр.**

1. Изденүүчү өз ишинде санариптештирүү шарттарында маалыматтарды коргоо жаатында укуктук жөнгө салуунун маанилүү элементи болуп саналган Кыргыз Республикасынын **"Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө"** Мыйзамын *(КР 2017-жылдын 20-июлундагы № 129, 2021-жылдын 29-ноябрындагы № 142, 2022-жылдын 30-июнундагы № 53, 2022-жылдын 12-июлундагы № 61 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* талдоого тийиштүү көңүл бурган эмес. Тактап айтканда, илимий иште санариптештирүү маселеси козголуп, мамлекет бул багыттагы реформаны улантуусу керектиги айтылат, ошол эле учурда, изденүүчү шайлоочулардын жеке маалыматтарынын купуялуулугу жөнүндө мыйзамдарды, практикадан чыгып келген көйгөйлөрдү иликтеп, критикалык талдоо жүргүзүп жана мыйзамды жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды берген эмес.

2. Шайлоо системасы санариптик технологияларды 2015-жылдан бери жана бүгүнкү күндө да жаңылантып колдонууга киргизип келишет, бирок шайлоочулар жеке мүнөздөгү маалыматтын купуялуулугуна күнөм санап шайлоого келип шайлоо укугун ишке ашыруудан баштап тартып жаткан учурлар да аз эмес. 2024-жылдын 17-ноябрында уюштурулган жергиликтүү кеңештин депуттарын шайлоосунда "электрондук шайлоо" аралыктан шайлоо механизми форма-2ге альтернатива катары колдонууга киргизилди, ошол эле учурда шайлоочунун жеке маалыматтары, анын тандоосунун купуялуулугу менен байланыштуу коркунучтар коомчулукта күндөн күнгө өсүүдө жана суроо талаптар күч алууда. Изденүүчү жеке мүнөздогү маалымат тууралуу укуктук ченемдерди тереңирээк талдоодон, ошондой эле санариптик чөйрөдө жеке маалыматтардын ишенимдүү корголушун камсыз кылууга багытталган мыйзамдарды өркүндөтүүнүн жолдору боюнча сунуш киргизген эмес.

Жогорудагы эскертүү бүтүндөй иштин изилдөө баалуулугуна шек келтирбейт деп баса белгилеп кетем. Илимий изилдөө шайлоо системасы конституциялык -укуктук негиздери боюнча комплекстүү талдоого багытталган жана жеке маалыматтарды коргоо маселеси маанилүү болгону менен, аны өзүнчө кароо бул изилдөөнүн негизги темасы болбогондугунан улам изденүүчү басым жасаган эместир.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окмуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө" Жобосуна (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) ылайык келиши.**

Жалпысынан алганда Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын илимий изилдөө иши, 12.00.02 – конституциялык укук, муниципилдык укук адистигине ылайык келет жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окмуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык келет (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) жана илимий иштерге карата коюлган бардык талаптарга толук жооп берет.

**11. Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Диссератциялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон иш катары кароого болот. Илимий ишти конституциялык укук илиминин өнүгүшүнө кошкон жеке салымы катары кароого болот.

Жогорудагы маалыматтарга ылайык, Абылдаева Наргиза Уркасымовна 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу деп белгилейм.

**Оппонент,**
**юридика илимдеринин доктору,**
**доцент** **Токтогулов А.А.**

*Кол тамгасы тастыкталат:* ________________________________